**Каралды:**
**Педагогикалык**
**кеңештин**
**№1 протоколунда**
**“29” август 2022-жыл**

**Бекитем:**
**№ 94 жалпы орто билим берүү**
**мектебинин милдетин аткаруучу**

**Ажыгулова К.К.**

## № 94 ЖОББ мектебинин предметтик декаданы уюштуруу жөнүндө жобо.

**1.Жалпы жобо. жөнүндө жобо.**

1.1. Мектептин предметик жумалары жыл сайын методикалык бирикмелер тарабынан методикалык жана илимий-методикалык иштердин планынын чегинде мугалимдердин профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатуу боюнча жана окуучулардын таануу жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү максатында өткөрүлөт.

1.2. Предметтик жумалыктын маселелери:

- Мугалимдердин пофессионалдык чеберчилигин көтөрүү; ачык сабактарды, сабактан тышкаркы иш-чараларды даярдап, уюштуруп чыгармачылык менен изденип өткөрүүсүн өркүндөтүү.
- Окуучуларды өз алдынча чыгармачылык ишкердүүлүккө кызыктыруу; алардын өтүлүп жаткан окуу процесстеринин иш активдүүлүгүнө болгон кызыкчылыктарын жогорулатуу.
- Чыгармачылык жөндөмдүүлүгү бар жана белгилүү бир окуу тартибин же билим областын тереңдетип окуганга умтулган окуучуларды алып чыгуу.

2. Предметтик жуманын уюштурулушу жана өткөрүлүшүнүн тартиби.

Предметтик жума мектептин жылдык иш планы боюнча өткөрүлөт.

Предметтик жуманын даярдыгы боюнча өткөрүү планы мектептин директору тарабынан өткөрүлгөнгө чейин эки жумадан кеч эмес убакытта бекитилет. Предметтик жуманын уюштуруучулары болуп методикалык бирикме же кафедра эсептелет.

Методикалык бирикме жумалыкка карата предметтик мугалимдердин даярдыгы боюнча кеңеш өткөрөт.

Предметтик жуманын катышуучулары:

 Предметтик жума кайсы предметтер боюнча өткөрүлсө, ошол предметтерди окуткан мугалимдердин бардыгы;

 Ошол предметти окуп жаткан окуучулар тартылат;

Предметтик жумалыктын чегинде өткөрүлүүчү иштер:

 Предметтик олимпиадалар;

 Предмет боюнча традициалуу эмес сабактар;

 Предмет боюнча окуган параллел класстар арасында өткөрүлүүчү мелдештер;

 Предметтик жумалык мектептин билдирүү тактачаларына илинген маалыматтар булагы менен толукталып турушу;

 Предметтик жуманын жыйынтыгы боюнча көрсөтмөлүү дубал газеталар жана көрсөтмөлөр (выставка) уюштурулушу;

 Предметтик жуманын жыйынтыгы боюнча жума ичинде эң мыкты өтүлгөн сабактар жана класстан тышкаркы иштер боюнча иш алып барган мугалимдер мактоо баракчаларына жана оозеки сыйлоолорго көрсөтүлүшү;

 Предметтик жуманын ичинде эң мыкты аткарылган окуучулардын эмгектери жана жазылган иштери райондук билим берүү мекемелерине чейин көрсөтүлүшү;

 Предметтик жуманын жыйынтыгы боюнча методикалык бирикмеде жыйынтыкталып, анализделип кафедранын заседаниесинин протоколуна жазылып киргизилиши;

Предметтик жуманын жыйынтыгы боюнча кафедра башчысы мектептин илимий методикалык иштер боюнча директордун орун басарына төмөнкү иш кагаздарды тапшыруусу каралат:

 предметгик жуманын планы,

 предметтик олимпиадалардын өткөрүү пландары,

 жыйынтык заседаниесинин протоколу.

 сабактардын иштелмелери жана класстан тышкаркы иштердин план-сценарийлери, предметгик жуманын жыйынтык анализи.